Класс: 9-класс
Дата:
Предмет: Кыргыз тили
Окуу китептеринин аталышы: Кыргыз тили
Сабактын темасы: **Текст менен иштөө**
**Саякбай Каралаев**

| ***Негизги компетенттүүлүк*** | ***Предметтик компетенттүүлүк*** | ***Сабактын максаты*** |
|---|---|---|
| НК1<br>Маалыматтык | Тилдик: Тилдик сөз жасоосун морфологиясын жана синтаксисин билүү<br>Кыргыз тилин жазуу эрежелеринин нормасында жазып сүйлөй билүү ж.б | ***Билим берүүчү***: Окуучулар текст менен таанышып, көнүгүнүн шарты боюнча тапшырмаларды так аткара алышат. |
| НК2<br>Социалдык комуникациялык | Кептик: Кыргызча сүйлөшүү маданятын адебин билүү<br>Кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүнө жараша(угуп түшүнүү, сүйлөө окуу жана жазуу) иштей алуусу | ***Өнүктүрүүчү***: Б)Окуучулар видеону көрүп, өз ой пикирин билдиришет, сөздүк менен иштеп, текстти тыным менен окуп, сүйлөмдөрдү толуктап, синквейн түзүшөт. |
| НК3<br>Өзүн-өзү уюштуруу, ар түрдүү маселелерди чечүү | | ***Тарбия берүүчү***: Окуучулар сабакта актив болууга, бири-бирин сыйлоого, оюн угууга жана урматтоого, толеранттуу болууга багыт алышат . |

Сабактын тиби: Түшүнүктөрүн калыптандыруу
Сабактын усулу: Интерактивдүү (жупта жана топто иштөө)
Сабактын жабдылышы: Текст, сүрөт, компьютер, проектор
Сабактын жүрүшү:

| Сабактын этаптары | Мү-нөт | Компе-тенттүү-лүк | Мугалимдин ишмердиги | Окуучунун ишмердиги |
|---|---|---|---|---|
| Уюштуруу | 2м | НК | Окуучулар менен саламдашып, оюн аркылуу жагымдуу маанай түзөт.Сабакка даярдыктарына көңүл бурат. | Жагымдуу маанай түзүүгө катышышат. |
| Үй тапшырманы текшерүү | 2 | НК | Өтүлгөн тема Муун боюнча компьютерден көрсөтүлгөн 5 суроого оозеки жооп беришет. Суроолор:<br>1.Муун деп эмнени айтабыз?Бир жолу дем чыгаруу менен айтылган бир же бир нече тыбыш муун деп аталат.<br>2.Муунду кандай тыбыш түзөт? Үндүү тыбыш түзөт.<br>3.Муундар түзүлүшүнө карай кандай болуп бөлүнөт? Муундар түзүлүшүнө карай | Окуучулар өтүлгөн тема боюнча берилген суроолорго оозеки жооп беришет. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | ачык, жабык жана туюк муун болуп бөлүнөт. | |
| Жаңы темага киришүү | | НК | Текст жөнүндө иштөө боюнча кыскача маалымат берип өтөм: Биз сүйлөө үчүн үйрөнөбүз, сөздөрдөн сүйлөмдөрдү түзөбүз. Сүйлөмдөрдөн түрдүү тексттерди түзүп, оюбузду билдиребиз. Мааниси боюнча байланышкан эки же андан көп сүйлөмдөрдүн тобу текст деп аталат.<br>Сөздүк менен иштетүү:<br>Мисалы:<br>күзгү-зерколо, көрсөткүч-переносным значением, келечек жарандары-будущее поколение, куралат-создаёт.<br><br>Тексттин 1-тынымын окутуу.<br><br>Саякбай Каралаев Тоң районунун Семиз-Бел айылында 1894-жылдын 7-сентябрында туулган. 1917-жылы Кызыл гвардиячылар отрядына өз ыктыяры менен кошулуп, Кызыл Армия менен бирдикте Сибирде, Алма-Атада, Бухарада Советтик бийликти коргогон. 1921-1931-жж. Каракол районундагы Маман жана Ырдык айылдык кеңешинин башкармасы болуп иштеген. 1930-жылы С.Каралаевди Кыргыз АССРинин Эл агартуу комиссариатынын тил жана адабият ИИИсине иштөө үчүн чакырышкан. Анын айтуусу боюнча “Манас” эпосун жазып алышкан. 1936-жылы аны Кыргыз Мамлекеттик филармониясына «Манас» айтуучу катарында кабыл алышкан.<br>Манасчылык таланты анын балалык кезинде чоң апасы Дакиштин таасири астында ойгонгон. 1918-жылдан С.Каралаев «Манас» эпосунан үзүндүлөрдү өз алдынча айта баштаган. 1924-жылы ал белгилүү манасчы Чоюке | Окуучулар тема боюнча маалыматты угуп 1-тынымды окуп сүйлөмдөрдү толукташат.<br>Сөздүк менен иштешет:<br>Мисалы:<br>күзгү-зерколо, көрсөткүч-переносным значением, келечек жарандары-будущее поколение, куралат-создаёт. Текстти 1-тынымын окуп сүйлөмдөрдү толукташат.<br>2-тынымын окуп топто кластер түзүшөт. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Өмүров менен жолугуп, бир нече жылдар ичинде андан «Манас» эпосун айтууну үйрөнгөн. С.Каралаев өзүнүн эскерүүлөрүндө белгилүү манасчы Акылбек жөнүндө дагы өзүнүн устаты катары эскерген. 1930-жылдан көрүнүктүү манасчы болуп эсептелген.<br><br>1-тынымдын негизинде сүйлөмдү толуктап жаздырат. Мисалы: 1. Анын _______ боюнча ________ _______ жазып алышкан.<br>А) Айтуусу, “Манас”, эпосун<br>Б) “Манас”, айтуусу, эпосун<br>В) Эпосун, айтуусу, “Манас”<br><br>2-тынымды окутуу.<br>1935-жылдан Каралаевдин толук варианты боюнча «Манас» эпосун жазуу иши башталып, 1937-жылы үчилтиктин биринчи бөлүгү, кийин «Семетей», «Сейтек» жазылып алынган. Мурда белгисиз болгон Кенендин, Алымсарыктын жана Кулансарыктын окуялары эпостун уландысы болгон. «Манас» эпосунун бул вариантынын жалпы көлөмү 500553 ыр саптарын түзгөн. Дүйнө элдеринин эпостору менен салыштырганда көлөмү боюнча Гомердин «Илиада» жана «Одиссеясынан» 20 эсе, «Шахнамеден» 5 эсе, «Махабхаратадан» 2 эсе чоң. С.Каралаев «Манас» эпосун бир нече айлар бою үзгүлтүксүз аткара алган. Аны XX кылымдын Гомери деп аташкан.<br>С.Каралаевдин айтуусунда «Эр Төштүк» эпосу жазылып алынып, 1938-жылы кыргыз тилинде, ал эми 1958-жылы орус тилинде өзүнчө китеп болуп чыккан. Ал тарабынан жомок, поэма, аңгеме түрүндөгү бир катар оригиналдуу чыгармалар жаралган жана өзүнчө басылып чыккан. | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1938-жылдан СССР Жазуучулар союзунунун мүчөсү.<br>1939-жылдан Кыргыз ССРинин Эл артисти.<br>Үч жолу «Эмгек Кызыл Туу» ордендери, «Ардак белгиси» медалы, Ардак грамоталар менен сыйланган.<br><br>**2-тынымдын негизинде синквейн түздүрүү.**<br>**Мисалы:**<br>1-топ: Саякбай сөзүнө<br>1.Саякбай<br>2.Мээримдүү, акылдуу<br>3. Иштейт, жазат, айтат<br>4. Ал улуу манасчы болгон<br>5.Инсан<br><br>Сөздүк менен иштетүү:<br>Мисалы:<br>күзгү-зерколо, көрсөткүч-переносным значением, келечек жарандары-будущее поколение, куралат-создаёт. | | |
| | | | | | |
| Жупта иштөө | | | Тексттин мазмунун жупта талкуулатат | Окуучулар тексттин мазмунун жупта талкуулашат | |
| Топто иштөө | | | Тексттин мазмунунун негизинде топто сүйлөмдөрдү толуктатат | Тексттин мазмунунун негизинде топто сүйлөмдөрдү толукташат | |
| Бышыктоо | | | Темага байланыштуу видеослайд коюп көргөзөт. Окуучулардын өз ой пикирлерин билдириши үчүн талкуу жүргүзүүгө өбөлгө түзөт. | Видеослайдды көрүп өз ой пикирлерин билдирип, талкуулашат. | |
| Жыйынтык тоо | | | Балдар, бүгүн биз өтүлгөн темалардын негизинде тексттер менен иштедик. Текс менен иштөө силерге жактыбы? Топ менен жуп менен иштеп жатканыңарда дайым алтын эреже эсиңерде болсун! | Окуучулар өз ой пикирлерин айтышат. | |
| Үйгө тапшырма | | | **“Саякбай Каралаев улуу манасчы”** деген темада эссе жазуу. | Окуучулар үй тапшырмасын күндөлүктөрүнө жазышат. | |
| Баалоо | | | Критетийлердин негизинде | Критетийлердин | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | баалоо.<br>“5”  Теманы жакшы түшүндүм, башкаларга да үшүндүрүп бере аламын.<br>“4” Теманы түшүндүм, бирок башкаларга  түшүндүрүп бере албаймын.<br>“3” Теманы түшүнгөнү кыйналдым, башкаларга түшүндүрүп бере албаймын | негизинде бааланышат.<br>“5”  Теманы жакшы түшүндүм, башкаларга да үшүндүрүп бере аламын.<br>“4” Теманы түшүндүм, бирок башкаларга түшүндүрүп бере албаймын.<br>“3” Теманы түшүнгөнү кыйналдым, башкаларга түшүндүрүп бере албаймын | |